Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

# Кыргызстан - Швейцария: 2022 – 2025-жылдарга кызматташтык программасы



# Сөз башы



Кадырлуу окурмандар,

Биздин Кыргызстандагы ишмердүүлүгүбүзгө кызыгууңуз үчүн ыраазычылык билдиребиз! Сиздерге Швейцария менен кызматташтык жөнүндө кыскача айтып берейин.

Швейцария менен Кыргызстандын дипломатиялык мамилелери жакшы нукта өнүгүп жатат, бул мамилелер Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон көп өтпөй эле башталган. Эки өлкөнүн мамилеси Кыргызстан Швейцария башында турган Эл аралык Валюта Фонду менен Дүйнөлүк Банктын добуш берүү тобуна кошулгандан кийин ого бетер бекемдеди. Швейцария 2012-жылы элчилигин ачып, бардык каалоочуларга, анын ичинде Кыргызстандын жарандарына жана бул өлкөгө келген швейцариялыктарга консулдук кызматтарды көрсөтө баштаган.

Швейцариянын Кыргызстанды өнүктүрүү боюнча кеңири программасы бар, анын бюджети 21 миллион АКШ долларынан ашат. 1994-жылдан бери Швейцария кыргыз элинин бакубатчылыгын жакшыртуу максатында 500 миллион швейцар франкын техникалык, финансылык жана гуманитардык жардам түрүндө берип келди. 2022-2025-жылдарга кызматташтыктын жаңы программасынын алкагында Швейцария Кыргызстанга 80 миллиондон ашык швейцар франкын кайтарымсыз негизде берүүнү пландап жатат.

- 1992-жылы дипломатиялык мамилелер түзүлгөн
- 1994-жылы кызматташтык жөнүндө макулдашууга кол коюлган
- 1996-жылы Кыргызстанда Швейцариянын Кызматташтык боюнча бюросу ачылган
- 2012-жылы Швейцариянын Кыргызстандагы Элчилиги ачылган

Швейцария Кыргызстандын Өкмөтүнүн жарандардын жашоосун жакшыртууга, демократияны жана адам укуктарын илгерилетүүгө багытталган Туруктуу өнүктүрүү максаттарына жетүү боюнча иш-аракеттерин мындан ары да колдоого ниеттенүүдө. Бул демократияны жана адам укуктарын сүрөп, жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу боюнча иштерди жасап, жумуш орундарын түзүү дегенди билдирет. Бул иштер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө колдоо көрсөтүү максатында жасалууда.

Бул брошюрадан сиз биз иш алып барып жаткан үч тармак жана азыркы учурда Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан швейцариялык долбоорлор тууралуу кененирээк маалымат таба аласыз.

Урматым менен,



Оливье Бангертер
Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчиси

# Жетишкендиктер

Кыргызстандын өкмөтү жана долбоорлорду ишке ашырган өнөктөштөр менен бирге Швейцария Кыргызстанда улуттук өнүгүүгө багытталган күч-аракеттерди ийгиликтүү түрдө бекемдей алды. Төмөндө айрым бир мисалдарды келтирдик.

**ЖУМУШТУУЛУК ЖАНА ТУРУКТУУ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ.** Швейцария бизнес климатын жакшыртууга колдоо көрсөткөн. 3500дөн ашык чакан жана орто ишканалар берилген техникалык **жардамдын** натыйжасында экономикалык көрсөткүчтөрүн жакшырта алышты. Өнүктүрүү долбоорлорунун бири 90-жылдардын орто ченинде эле Швейцария өкмөтүнүн колдоосу менен ийгиликтүү иштеп кеткен “Сүт Булак” жеке компаниясына (“Dairy Spring” соода маркасы) айланган, бул компания швейцариялык инвесторлордун жана жергиликтүү фермерлердин башкаруусу алдында өз ишин улантып келатат.

**СУУ, ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ.** Швейцария 450дөн ашык суу пайдалануучулар ассоциациясына потенциалын бекемдөөгө **жардам** берди. Швейцария Бишкек, Каракол, Кант, Нарын, Ош жана Жалал-Абад шаарларындагы 1,5 миллионго жакын жаранга ичүүчү сууга жана сууну бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга **шарт түздү**. Швейцария ар кандай деңгээлдеги бардык суу булактарын башкаруу боюнча бийликтин күч-аракеттерине көрсөткөн **колдоосун** улантууда, бул дагы климаттын өзгөрүшүнө туруштук берүүгө жардамчы болот.

**МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ, ИНСТИТУТТАР ЖАНА ДЕЦЕНТРАЛДАШТЫРУУ.** Швейцария жергиликтүү деңгээлде көрсөтүлгөн сапаттуу кызматтарга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу үчүн **колдоо** көрсөттү. Эми жарандар жергиликтүү деңгээлдеги бюджеттик процесстерге жигердүү катышып, чечимдерди кабыл алуу процесстерине таасир эте алышат. Мунун натыйжасында 76 муниципалитеттеги 700 миңден ашык адам мектепке чейинки жана мектепте билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн, ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана катуу тиричилик калдыктарын жок кылуу иштерин жакшыртуудан, көчөлөрдү жарыктандыруудан, өзгөчө муктаждыгы бар балдар үчүн билим берүү кызматтарынан жана эс алууну уюштуруу, спортту жана маданиятты жакшыртуудан пайда көрүүдө.

**САЛАМАТТЫК САКТОО.** Швейцария улуттук бюджетте саламаттык сактоого **колдоо** көрсөттү. Ушул жана башка колдоонун аркасында азыр Кыргызстандын эли баштапкы медициналык-санитардык жардам системасы тарабынан көрсөтүлүүчү негизги кызматтарды акысыз пайдаланып жатышат. 300дөн ашык медициналык мекемеге инфекциялык көзөмөл системасы киргизилип, медициналык калдыктар стандарттарга ылайык жок кылынууда. Медициналык кызматкерлердин квалификациясы тынымсыз өсүп, медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын акырындык менен жакшыртууга салым кошууда. Баштапкы медициналык-санитардык жардам системасы айылдык ден соолук комитеттери менен кызматташтыкта өнөкөт ооруларды жакшыраак дарылай баштады, мунун натыйжасында калктын ден соолукту чыңдоо маселелеринде сабаттуулук деңгээли жогорулап, адамдар сергек жашоого умтулуп жатышат.

**ИСКУССТВО ЖАНА МАДАНИЯТ.** Швейцария маданий көрүнүштөрдүн ар түрдүүлүгүнө **салымын** кошуп, жыл сайын 10го жакын жергиликтүү жана эл аралык маданий иш-чарага **колдоо** көрсөтүп келет. Бишкек джаз фестивалы, “Бир Дүйнө” даректүү тасмалардын фестивалы, музыкалык концерттер, кино көрсөтүүлөр, театралдаштырылган оюн-зоок жана көргөзмөлөр менен коштолгон “Достук” балдар фестивалы жыл сайын 6 миңден ашык адамга борбордо жана аймактарда маданий чыгармачылык менен таанышууга мүмкүнчүлүк түзүп келет.

# 2022-2025-жылдарга программанын иш багыттары



## Инклюзивдүү жана туруктуу экономикалык өнүгүү

Жеке сектор экономикалык өнүгүүнүн, өсүштүн жана жумуш орундарын түзүүнүн пайдубалы болуп саналат. Мыйзамдарды өркүндөтүп, бизнес климатын жакшыртуунун эсебинен Швейцария жеке сектордун туруктуулугун жогорулатуу аракеттерине **колдоо көрсөтүүдө**.

Ошондуктан Швейцария өлкөнүн инклюзивдүү жана туруктуу экономикалык өнүгүүсүн **колдойт**. Биз ишканаларга капиталга, бизнес кызмат көрсөтүүлөрүнө жана квалификациялуу жумушчу күчүнө көбүрөөк жетүүгө **жардам беребиз**. Бул текстиль өнөр жайында, туризмде, агробизнесте экспорттук потенциалды жана өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга, ошондой эле бул тармактарда иштөө үчүн көндүмдөрдү кыска мөөнөттө өнүктүрүүгө **жардам берет**. Мындан тышкары, Швейцария тигүү өнөр жайы үчүн кадрларды даярдоо боюнча окуу борборлоруна, Ысык-Көл облусунун туроператорлоруна жана өлкөнүн түштүгүндөгү дыйкандарга да **колдоо** көрсөтүп келет.

Ошол эле учурда Швейцария айрыкча өлкөнүн алыскы аймактарында жашаган аялдардын жана жаштардын ишкердигин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурууда.



## Мамлекеттик башкаруу, адам укуктары жана кызмат көрсөтүү

Ак ниет башкаруу өлкөлөрдүн өнүгүүсү үчүн негизги мааниге ээ, атап айтканда, ал адамдарга, анын ичинде калктын эң аялуу топторуна көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жана актуалдуулугун жогорулатууга көмөктөшөт. Даш ушул себептерден улам Швейцария Кыргызстандын мыйзамдарында белгиленгендей, аялдар менен эркектердин өз жашоосуна таасир этүүчү чечимдерди кабыл алуу процесстерине катышуусу үчүн **колдоо** көрсөтүп келүүдө.

Мамлекеттик каржыны башкаруудагы отчеттуулук жана айкындуулук, тең салмактуу макроэкономикалык көрсөткүчтөр менен бирге, эффективдүү мамлекеттик башкаруу жана туруктуу өсүш үчүн негизги факторлордун бири болуп саналат. Ошондуктан, Швейцария Кыргызстанды кирешелерди мобилизациялоо жана пландаштыруу, фискалдык туруктуулук жана мамлекеттик финансыны натыйжалуу башкаруу маселелеринде **колдоп келет**.

Мындан тышкары, калкка медициналык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн **жакшыртуу** максатында Швейцария Кыргызстандын өкмөтүнө баштапкы медициналык-санитардык жардам системасын чыңдоо, саламаттык сактоону башкаруу системасын өркүндөтүү жана медициналык билим берүүнү модернизациялоо боюнча айрым стратегиялык иш-чараларда **колдоо көрсөтүүдө**. Ошондой эле Швейцария маданиятка болгон көз караштардын жана мамиленин байлыгын чагылдырган көз карандысыз уюмдар аркылуу маданий чыгармачылыктын көп түрдүүлүгүн да **колдойт**.



## Суу, инфраструктура жана климаттын өзгөрүүсү

Улам өзгөрүп жаткан климаттын шарттарында ичүүчү суу жана санитария, сугат суу жана гидроэнергетика өңдүү чөйрөлөрдө суу жашоо үчүн чечүүчү мааниге ээ. Швейцария Кыргызстандын бийлигинин Суу кодексин киргизүү багытындагы күч-аракеттерин **колдойт**, себеби бул кодексте бардык суу булактарын стратегиялык башкаруу жана климаттын өзгөрүүсүнүн сөзсүз болчу кесепеттерине даяр болуу чаралары каралган. Ичүүчү суунун жана суу бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты элдин жашоо деңгээлине түздөн-түз таасирин тийгизет. Швейцария коопсуз ичүүчү сууга жана суу бөлүштүрүү кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү жакшыртуу менен, шаардык суу менен камсыздоо системаларын реконструкциялоого жана кеңейтүүгө **жардам берет**. Бул, мисалы, Бишкек, Каракол жана Нарын шаарларына тиешелүү.

Швейцария Нарын шаарынын климатка жараша өнүгүүсүн, Баткен, Нарын, Ош жана Жалал-Абад облустарындагы калкты табигый кырсыктардан коргоого багытталган бүткүл Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын ишин **колдой баштады**. Швейцария ошондой эле энергетика секторунун объекттерин, анын ичинде Ат-Башы ГЭСин модернизациялоого, ошондой эле бала бакчалар сыяктуу коомдук имараттарда энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды ишке ашырууга жана бул тармактын узак мөөнөттүү туруктуулугуна багытталган реформаларга **салым кошууда**.

# Кыргызстандагы швейцариялык долбоорлордун тизмеси (2023-жылдын февралына карата)

## Инклюзивдүү жана туруктуу экономикалык өнүгүү

- Кыргыз Республикасында текстиль соодасын илгерилетүү боюнча глобалдык программа
- КРдагы инвестициялар жана экономикалык өсүш боюнча долбоор
- Экологиялык жана социалдык маселелерди башкаруу программасы
- Борбор Азиядагы финансылык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктүн **регионалдык** программасы
- Чакан бизнести өнүктүрүү демилгеси
- Алай жана Чоң-Алай райондорунда чакан жана орто бизнести өнүктүрүү
- Жашыл экономика жана жеке секторду туруктуу өнүктүрүү программасы
- Финансы секторун өнүктүрүү боюнча Тресттик Фонддун долбоору
- Ысык-Көл облусунда/Караколдо туруктуу кышкы туризмди өнүктүрүү долбоору
- Санариптик каржы кызмат көрсөтүүлөрү боюнча долбоор

## Мамлекеттик башкаруу, адам укуктары жана кызмат көрсөтүү

- Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча Коалицияга колдоо
- Өнүктүрүү максаттарында жарандык катышуу
- Кыргыз Республикасында жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу
- Карызды башкаруу жана финансылык отчеттуулук системасы
- ЭВФтин **Регионалдык** техникалык жардам борборлору
- Бишкектеги ЕККУнун Академиясына колдоо көрсөтүү
- Аракет: жаңы конуштардагы турмуш шарттарын жакшыртуу үчүн аракет кыл
- Борбор Азия-Казакстан коридорунун коопсуз жана квалификациялуу миграциясына **регионалдык** көмөк көрсөтүү
- Саламаттык сактоонун бюджетине колдоо көрсөтүү (кеңири масштабдуу ыкма)
- Медициналык билим берүү реформалары
- Жугуштуу эмес ооруларды эффективдүү башкаруу жана алардын алдын алуу
- Саламаттык сактоо уюмдарынын өз алдынчалыгы
- Борбор Азиядагы искусство жана маданиятка колдоо көрсөтүү боюнча **регионалдык** программа

## Суу, инфраструктура жана климаттын өзгөрүүсү

- Суу менен камсыздоо жана суу бөлүү боюнча долбоор (Бишкек, Каракол, Нарын)
- Ат-Башы ГЭСин калыбына келтирүү долбоору
- Коомдук имараттардын энергетикалык эффективдүүлүгү
- Энергетика секторун модернизациялоо жана туруктуулук долбоору
- Суу ресурстарын Улуттук башкаруу боюнча долбоор
- Элеттик жамааттарды табигый кырсыктардын тобокелдигинен коргоо боюнча Дүйнөлүк азык-түлүк программасына көмөктөшүү
- Нарын шаарын туруктуу өнүктүрүү долбоору
- Борбор Азияда тобокелдиктерди инновациялык жол менен башкаруу жана ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн **Регионалдык** Интеллектуалдык жана Жогорку тактыктагы божомолдоо гидрологиясы (SAPPHIRE Central Asia)
- Борбор Азиянын энергетика жана суу ресурстарын өнүктүрүүнүн **регионалдык** программасы (CAWEP)
- Борбор Азияда криосферага **регионалдык** байкоо жүргүзүү жана адаптациялоону жакшыртуу үчүн моделдөө (CROMO-ADAPT)
- Биокөптүрдүүлүктү каржылоо боюнча **регионалдык** демилге (BIOFIN)

Байланыш үчүн:

**Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги**

Дареги: 720040, Кыргызстан, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 21
Тел.: (0312) 301036, email: bishkek@eda.admin.ch

Веб-сайт: www.eda.admin.ch/bishkek
Фейсбук: www.facebook.com/SwissEmbassyKyrgyzstan
Инстаграм: www.instagram.com/swissembassykg

*Февраль, 2023-жыл.*



Мукабадагы сүрөт © Франсуа Перродэн, www.frperraudin.ch